**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**
**АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2022-жылдын 24-сентябры №38** **Кара-Суу айылы**

**Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндөгү" №284 сандуу Жарлыгын карап жана талкуулап Депутаттардын Кара-Суу айылдык аймактык кеңеши **токтом кылат:**

1.Кара-Суу айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү курултай өткөрүлсүн.

2. Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча айыл тургундарынын жыйындары 2022-жылдын 15-октябрь күнү белгиленсин жана өткөрүү орду А.Нуржигитов менен А.Борбашов, А.Нуржигитов менен М.Кыдыралиев жана Б.Оторбаев менен С.Жаныбаев көчөлөрүнүн кесилиши аныкталсын.

3. Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча айыл тургундарынын жалпы чогулушунан жалпы жобого ылайык 40 делегат бекитилсин.

4. Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча айыл тургундарынын, жамааттардын жалпы чогулуштарынын графиги 2022-жылдын 15-октябрдан 17-октябрга чейин бекитилсин.

4. Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комиссиялар түзүлүп курамы 11 адам деп белгиленсин.

5.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Б.Самсиев**

**Кара-Суу айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комиссия курамы**

| | |
|---|---|
| Б.Самсиев | -Кара-Суу айылдык кеңештин төрагасы, комиссиянын төрагасы; |
| А.Жунушалиева | -комиссиянын катчысы; |
| Р.Баратов | -айылдык кеңештин депутаты; |
| Н.Асанова | -айылдык кеңештин депутаты; |
| Исакжан уулу Баян | -айылдык кеңештин депутаты; |
| Н.Самсалиева | -айылдык кеңештин депутаты; |
| Р.Биримкулов | -айылдык кеңештин депутаты; |
| Т.Орозалиев | -Аксакалдар сотунун мүчөсү; |
| А.Шаршеекева | -Бермет апа бала-бакчасынын жетекчиси; |
| М.Эсеналиев | -Кара-Суу айыл өкмөтүнүн жер, турак жай жана коммуналдык маселелер боюнча башкы адис. |
| Н.Ибраимова | -китепканачы. |

**Төрага** Б.Самсиев